# "Мироновское" алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш кендерин геологиялык чалгындоо жана иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк боюнча сынактын шарттары

"Мироновское" алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш кендерин геологиялык чалгындоо жана иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк боюнча сынак (мындан ары - Сынак) "Кыргызалтын" ААКтын Башкармасынын 2025-жылдын «7» августундагы №45 чечиминин, Директорлор Кеңешинин 2025-жылдын «14» августундагы №45 чечиминин негизинде өткөрүлөт.

Сынактын шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин **2022-жылдын 23-августундагы № 472** токтому менен бекитилген мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталында мамлекеттин катышуу үлүшү үчтөн экиден кем эмес болгон чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан инвесторлор менен жер казынасын пайдалануу укуктарын ишке ашыруу боюнча биргелешкен ишмердүүлүктү жүргүзүү шарттары жөнүндө жобого ылайык иштелип чыккан (мындан ары – Жобо).

Сынактын жеңүүчүсүнө "Кыргызалтын" ААКтын 100% катышуу үлүшү менен туунду ишканасы болуп саналган "Шибер-Тоо" Жоопкерчилиги Чектелген Коомунун курамына кирүү аркылуу "Мироновское" алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш кенин геологиялык чалгындоо жана иштетүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу укугу берилет.

Сынак Бишкек шаарында 2025-жылдын 21-октябрь күнү саат 10:00 ч. (жергиликтүү убакыт боюнча) Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү № 195 дареги боюнча өткөрүлөт.

Кызыкдар жактардын баарына, сынакка катышуу үчүн жыйым төлөгөндөн кийин, суроо-талап боюнча "Мироновское" алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш кени боюнча кыскача геологиялык маалымат топтому берилет.

Сынакка катышуучулардын арыздары жана ага тиркелген документтер "Кыргызалтын" ААКнын жалпы бөлүмүнө/кеңсесине Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү, 195 дареги боюнча 2025-жылдын «20» октябрь күнүнөн кечиктирбестен, Бишкек убактысы боюнча саат 17:00го чейин тапшырылат, арызды берүү убактысы белгиленип, "Кыргызалтын" ААКнын жалпы бөлүмүнүн/кеңсесинин кызматкерине колмо-кол берилет. Сынакка арызды почта аркылуу жөнөтүүгө жол берилбейт.

Сынакка катышуу үчүн кепилдик милдеттенмесинин (мындан ары - КМ) өлчөмү **10 000 000 (Он миллион)** сомду түзөт.

Сынакка катышуучулардын конверттери ачылганга чейин, арыз берүүчү КМдин толук көлөмүн (100%) уюштуруучунун эсептик счетуна түшүрүшүн камсыз кылууга тийиш.

## Жер казынасынын участкалары жөнүндө жалпы маалымат

"Мироновское" алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш кени административдик жактан Кыргыз Республикасынын Кемин районунда, Казакстан Республикасы менен мамлекеттик чек арага жакын жерде жайгашкан. Географиялык жактан ал Кастек кырка тоосунун түштүк тармактарынын биринде, 1350-1850 м бийиктикте жайгашып, Карабулак дарыясынын өзөнүн жана анын куймаларын ээлейт, ал Кичи-Кемин дарыясына куят, ал өз кезегинде аймактын негизги дарыясы болгон Чүй дарыясынын оң куймасы болуп саналат. Жакынкы калктуу конуш Карабулак поселогуна чейин 6,5 км. Объект райондун административдик борбору жана "Кемин" темир жол станциясы менен узундугу 26 км болгон автомобиль жолу менен байланышкан.

"Мироновское" кени 1961-жылы 1:25000 масштабындагы геологиялык-съемкалык жана издөө иштеринин жүрүшүндө ачылган. Алдын ала чалгындоо 1964-1969-жылдары, ал эми деталдуу чалгындоо 1970-1973-жылдары жүргүзүлгөн.

Запастарды эсептөөнү "Голдекс Азия" ЖЧКсы жана "Азиярудпроект" ЖАК ГПКсы аткарган. 2012-жылы блоктук үлгүлөрдүн (блочной модель) негизинде, анда сульфиддик рудалар үчүн шарттуу жез боюнча 0,7% жана жарым-жартылай кычкылданган рудалар үчүн шарттуу жез боюнча 1,0% блоктук капталынын курамына негизделген.

Кыргыз Республикасынын МЗКнын 2012-жылдын 30-августундагы №586 протоколу менен Мироновское полиметалл кенинин геологиялык запастары автордук вариантта С1+С2 категориясы боюнча бекитилген: рудалар - 1582,2 миң тонна, алтын - 2692,7 кг (орточо мазмуну 1,7 г/т), күмүш - 76 035.83 кг (орточо мазмуну 48,05 г/т), жез - 23608.76 т (орточо мазмуну 1,49%), висмут - 1859.06 т (орточо мазмуну 0,12%), коргошун - 8349,02 т (орточо мазмуну 0,52%).

2023-жылдын 18-сентябрындагы № 7369 АР лицензиясынын алкагында "Мироновское" кенинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна ээ болуп, Р1 категориясындагы болжолдуу ресурстарга геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү зарыл.

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан 2023-жылдын 18-сентябрында "Кыргызалтын" ААКна "Мироновское" алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш кенин иштетүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна № 7368 АЕ лицензиясы берилген.

"Мироновское" кени тарам тибине кирет. Кендешүү бул жерде тарамдардын контурларында гана локализацияланган, алардын заттык курамы курчап турган тоо тектерден кескин айырмаланат. Бардык тарамдардын курчап турган тоо тектер менен геологиялык байланыштары так.

Кенде рудалык минералдашуусу бар 20 тарам аныкталган, алардын 15 кендин асылган блогунда, ал эми 5 жер бойлой жаткан блогунда жайгашкан. Тарамдардын басымдуу бөлүгү обочолонгон, сейрек учурда жакындашкан

жана кулиса сымал жайгашкан кесүүчү үзүлүү структураларында локализацияланган, алар кеңдикке жакын багытта жана тик (50°дан 90°ка чейин, негизинен 70-85°) жантаюу бурчтары менен мүнөздөлөт. Обочолонгон тарамдардын ортосундагы аралык 35-50дөн 110-120 мге чейин, ал эми жакындашкан тарамдардын ортосундагы аралык 5-8ден 20-30 мге чейин жетет. Тарамдардын узундугу 100дөн 650 мге чейин, ал эми жантаюусу боюнча 50-60тан 500 мге чейин өзгөрөт. Алардын калыңдыгы 0,1-0,5тен 3 мге чейин өзгөрүп, сейрек учурда 5-8 мге чейин жетет.

Кендин изилдөөсүнүн ушул стадиясында дээрлик бардык тарамдар өнөр жайлык баалуулукка ээ.

Бирок, эң өндүрүмдүү тарамдар болуп төмөнкүлөр саналат: Главная, Диагональная, Широтная жана Поднадвиговая.

Акыркысы жерде жаткан блокто жайгашкан, ал эми биринчи үчөө кендин үстүңкү асылган блогунда жайгашкан жана зоналык интрузияда да, метаморфиялык катмардын тоо тектеринде да көрүнгөн жана өзөктүү ашташкан жеринен жана канатчалардан турган бирдиктүү жарака структурасында локализацияланган.

Үстүңкү асылган блоктогу өзөктүү структурада локализацияланган тарам “Главная” деген ат менен бөлүнгөн, ал эми түндүк жана түштүк канатчада локализацияланган тарамдар, тиешелүүлүгүнө жараша “Диагональная” жана “Широтная” деп аталат.

Рудалык тарамдардын чегинде пайдалуу компоненттердин концентрациясы боюнча бири-бирин алмаштырган курамында атынга бай жана аз рудалары бар агым сымал тилкелер бөлүнүп турат.

Рудалык минералдашуусу жогору деп мүнөздөлгөн жана өнөр жайлык кызыгууну жараткан агын сымал тилкелер, ыңгайлуу болушу үчүн мындан ары рудалык мамычалар деп аталат.

Акыркылары дайыма эле тарамдардын кеңейүү участкаларына дал келе бербейт.

Төмөндө эң ири рудалык тарамдардын кененирээк мүнөздөмөсү келтирилген.

«Кыргызалтындын» ААК биргелешкен ишмердүүлүккө кошкон салымы төмөнкүлөрдөн турат:

1.) 2023-жылдын 18-сентябрында берилген №7368 АЕ лицензиясы – “Мироновское” кенин иштетүү максатында жер казынасын пайдаланууга укук берүүчү лицензия. Лицензия төмөнкү бурчтук чекиттер менен 1942-жылдагы тик бурчтуу координаттар системасында көрсөтүлгөн:

| № чекит | X | Y | № чекит | X | Y |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 13564800 | 4746638 | 4 | 13564521 | 4750311 |
| 2 | 13564991 | 4748140 | 5 | 13566366 | 4750307 |
| 3 | 13564250 | 4748144 | 6 | 13565759 | 4746641 |

Аянттын өлчөмү – 538,7 га.

2.) 1942-жылдагы тик бурчтуу координаттар системасындагы төмөнкү бурчтук чекиттери менен "Мироновское" кенин геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 7369 АР лицензиясы:

| № чекит | X | Y | № чекит | X | Y |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 13563920 | 4745730 | 4 | 13567130 | 4747110 |
| 2 | 13564515 | 4750320 | 5 | 13566690 | 4745730 |
| 3 | 13567200 | 4750320 | | | |

Аянтынын өлчөмү – 1315 га, иштетүү аянтын кошпогондо – 538,7 га=776,3 га.

"Дэпэндэбл Компани" Жоопкерчилиги Чектелген Коомунун көз карандысыз баалоочу компаниясынын 2025-жылдын 3-апрелиндеги отчетуна ылайык, "Мироновское" алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш кенин иштетүү жана геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында жер казынасын пайдалануу укугуна "Кыргызалтын" ААКнын жалпы салым суммасы **2 093 954 400 (эки миллиард токсон үч миллион тогуз жүз элүү төрт миң төрт жүз) сомду түзөт.**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Сынак биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу үчүн сынактык арызда эң пайдалуу шарттарды сунуштаган Жеңүүчүнү аныктоо максатында өткөрүлөт

Сынактын Жеңүүчүсүнүн милдеттенмелери жана биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу шарттары ушул Шарттарга ылайык аныкталат жана ушул Шарттардын 4-бөлүмүндө белгиленген өзгөчө шарттарды эске албаганда, Тараптардын макулдашуусу менен толукталышы/өзгөртүлүшү мүмкүн.

1.2. Сынак өткөрүү жөнүндө кулактандыруу "Кыргызалтын" ААКтын расмий сайтына сынактык сунуштарды берүү мөөнөтү аяктаганга чейин 30 (отуз) календардык күндөн кем эмес убакытта жайгаштырылат.

1.3. Сынакка катышуучулар сынакка катышуу үчүн жыйым төлөнгөндүгүн тастыктаган документти тапшырышат жана Лицензиялык аянттар боюнча кыскача геологиялык жана башка маалыматтардын пакетин алышат. Сынакка катышуу үчүн жыйымды төлөө ушул Шарттардын 6.2-пунктуна ылайык жүргүзүлөт.

1.4. Сынакка катышуучу сынактык арызды мөөр басылган конвертке (пакетке) салынып тапшырылышы керек. Конвертте (пакетте) төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

- Сынактын уюштуруучусунун дареги көрсөтүлгөн аталышы;
- Сынакка катышуучунун иш жүзүндөгү дареги жана телефон номерлери көрсөтүлгөн аталышы;
- Сынактын предметинин аталышы;
- Конверттерди ачуу убактысы жана датасы көрсөтүлгөн "ЧЕЙИН АЧПАГЫЛА" деген эскертүүчү сөздөр жазылышы керек.

1.5. Сынакка катышуу үчүн документтер, ошондой эле Катышуучулар тарабынан берилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор, арыздарды берүү мөөнөтү аяктагандан кийин кабыл алынбайт. Берилген документтер кайтарылбайт жана "Кыргызалтын" ААКда сакталат.

## 2. Сынактын шарттарында колдонулган түшүнүктөр жана кыскартылган сөздөр

**Лицензиялык аянт** - кенди пайдалануу укугуна лицензия берилген тоо жана геологиялык бөлүнүштөргө туура келген жер бетинин участогу, анын бурчтук чекиттеринин тик бурчтуу эки өлчөмдүү координаттар системасындагы графикалык документтеринде аныкталат; лицензиялык аянттын өлчөмү чарчы километр же гектар менен көрсөтүлөт.

**Сынактын уюштуруучусу** - "Кыргызалтын" ААК.

**Катышуучу** - сынактык табыштама берген юридикалык жак.

**Сынактык комиссия** - сынактык табыштамаларды кароо, Сынактын жеңүүчүсү жөнүндө чечим кабыл алуу, сынактык табыштамаларды четке кагуу жана ушул Сынакты өткөрүүгө байланыштуу башка маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн коллегиалдуу орган.

**Сынактык табыштама** - Катышуучу тарабынан ушул Шарттардын талаптарына ылайык Сынакка берилген документтердин топтому.

**Сынактын жеңүүчүсү** - сынактык сунушу ушул Шарттарга ылайык Сынактык комиссия тарабынан эң мыкты деп табылган жана Сынактык комиссиянын протоколунда таризделген Катышуучу.

**Кыскача геологиялык маалымат пакети** - Сынактын уюштуруучусу тарабынан катышуучуга берилүүчү геологиялык маалымат.

**Биргелешип иштөө жөнүндө макулдашуу** - "Кыргызалтын" ААК менен Сынактын Жеңүүчүсүн ортосундагы ушул Шарттардын жана Жеңүүчүнүн сынактык табыштамасынын шарттарынын негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн макулдашуу.

**КР ЗМК** - Кыргыз Республикасынын пайдалуу кендеринин запастары боюнча мамлекеттик комиссиясы.

**Шарттар** - "Мироновское" кенин геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү жана иштетүү боюнча биргелешкен иштин катышуучусун аныктоо боюнча Сынакты өткөрүү шарттары.

**Геологиялык чалгындоо иштеринин башталышы** - бургулоо аянтчасын жана бургулоо жүргүзүүгө ылайыктуу технологиялык жолду даярдоо аяктаган учурдан тартып.

**Кенди иштетүүнүн башталышы** – казып алуу иштери башталган учурдан тартып.

## 3. Сынактын катышуучуларына жана алар берүүчү документтерге коюлуучу негизги талаптар

3.1. Сынакка төмөнкү юридикалык жактар катыша алышат:

- Кыргыз Республикасында жана башка мамлекеттерде катталган;
- компроматтык, терс жана жаманатты кылуучу маалыматтары жок, ошондой эле "Кыргызалтын" ААК менен терс иш тажрыйбасы жок.

3.2. Сынактын катышуучуларына коюлуучу негизги талаптар:

Сынактын катышуучулары төмөнкү документтерди 2 (эки) нускада тапшырышат:

3.2.1. Ушул Шарттардын №2 формасы боюнча сынактын катышуучусунун ээлери жана/же бенефициарлары болуп саналган адамдарды ачык тастыктаган маалымат жана документтер;

3.2.2. Юридикалык жактын жетекчисинин же юридикалык жактын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн ыйгарым укуктарын тастыктаган документтер;

3.2.3. Кыргыз Республикасында катталган (кайра катталган) юридикалык жактар үчүн - юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн, уставдын жана уюштуруу келишиминин көчүрмөлөрү.

3.2.4. Чет өлкөлүк юридикалык жактар үчүн - уюштуруу документтеринин жана каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөлөрү жана/же мамлекеттик реестрден мыйзамдаштырылган (эгер мүмкүн болсо) көчүрмө же анын уюштуруу өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча иштеп жаткан юридикалык жак экенин тастыктаган башка документ.

Чет өлкөлүк юридикалык жактар тарабынан чет тилде берилген уюштуруу документтери жана каттоо жөнүндө күбөлүк мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен берилиши керек. Мамлекеттик реестрден алынган көчүрмөнүн же башка документтин колдонуу мөөнөтү берилген күндөн тартып 6 (алты) айдан ашпоого тийиш.

## 4. Сынактын Жеңүүчүсү менен биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө Макулдашуунун шарттары жана түзүү

4.1. "Кыргызалтын" ААК жана Сынактын жеңүүчүсү биргелешип иш алып баруу жөнүндө Макулдашуу түзүшөт, анда "Шибер-Тоо" ЖЧКсындагы катышуу шарттары жана үлүштөрдүн өлчөмдөрү жана Лицензиялык аянттарда геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү, ошондой эле ушул

Шарттардын жана Сынактын Жеңүүчүсүнүн сынактык табыштамасынын негизинде башка шарттар көрсөтүлөт.

4.2. Сынактын жеңүүчүсү сынактык табыштамада сунушталган үлүштүн өлчөмү менен "Шибер-Тоо" ЖЧК биргелешкен коомунун толук кандуу Катышуучусу болуп калат, "Кыргызалтын" ААК үлүшүн эске алуу менен, ушул Шарттардын 4.4.1-пунктунда көрсөтүлгөндөн төмөн эмес. Мында Сынактын Жеңүүчүсүнуставдык капиталга кошкон салымы "Кыргызалтын" ААКтын "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын Уставдык капиталына кошкон салымы геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө жана кенин иштетүүгө лицензия болоорун эске алуу менен, "Шибер-Тоо" ЖЧКнын уставдык капиталында алынуучу үлүшкө тендеш болууга тийиш, бааланган наркы **2 093 954 400 (эки миллиард токсон үч миллион тогуз жүз элүү төрт миң төрт жүз) сом.**

Андыктан алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш "Мироновское" кенин иштетүү жана геологиялык чалгындоо максатында кенди пайдалануу укугуна лицензиялар "Дэпэндэбл Компани" Жоопкерчилиги Чектелген Коомунун көз карандысыз баалоочу компаниясынын 2025-жылдын 3-апрелиндеги баалоо отчетуна ылайык бааланган рыноктук наркы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген мөөнөттөрдө "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын уставдык капиталына өткөрүлүп берилүүгө тийиш.

4.3. Лицензиялык аянттарда геологиялык чалгындоо иштерин иштеп чыгуу жана жүргүзүү маселелери Сынактын жыйынтыгы боюнча Сынактын жеңүүчүсү менен биргелешкен иш жөнүндө макулдашуу менен (жана мындан ары "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын катышуучуларынын ортосунда түзүлгөн уюштуруу келишими менен) жөнгө салынат.

4.4. Сынактын Жеңүүчүсү үчүн милдеттүү болгон өзгөчө шарттар:

4.4.1. Сынактын Жеңүүчүсү төмөнкү талаптарды так аткарууга милдеттенет:

- сынактык табыштамада көрсөтүлгөн Лицензиялык аянттарда геологиялык чалгындоо иштерин иштеп чыгуу жана жүргүзүү мөөнөттөрү боюнча;

- зарыл болгон жолдорду салуу, бургулоо аянтчаларын жана башка инфраструктуралык объекттерди курууну аяктоо мөөнөттөрү боюнча;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө биргелешкен ишмердүүлүктө кенди пайдалануу укугуна лицензиялык укуктарды кайра тариздөө үчүн милдеттүү төлөмдөрдү жүргүзүү;

- Сынактын Жеңүүчүсү "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын ишмердүүлүгүн толук көлөмдө каржылоону камсыз кылууга тийиш, мында каржылоо сынактын Жеңүүчүсүнүн өз каражаттарынын эсебинен камсыз кылынууга тийиш жана "Кыргызалтын" ААК жана/же "Шибер-Тоо" ЖЧК тарабынан кайтарылып берилүүгө жатпайт.

- бүткүл каржы-чарбалык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын эсептешүү эсебинде "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын уставдык

капиталынын суммасынын 20% кем эмес өлчөмдөгү акча каражаттарынын азайтылгыс калдыгын (лимитин) камсыз кылуу.

- "Кыргызалтын" ААКнын үлүшү "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын уставдык капиталынын өлчөмүнүн 30% төмөн болууга тийиш эмес.

- Сынактын Жеңүүчүсү тарабынан көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаган учурда биргелешкен иш жөнүндө макулдашууда айыптык санкциялар каралат.

4.4.2. Инфратүзүмдүк объекттерди куруу убагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, анын ичинде подряддык жана субподряддык уюмдарда Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасынан адистерди тартуу.

4.4.3. “Кыргызалтын” ААКнын бардык филиалдарынын жана структуралык бөлүмдөрүнүн "Шибер-Тоо" ЖЧКсы үчүн жумуштарды жана кызматтарды көрсөтүүдө артыкчылыктуу укугу жөнүндө шарттарды кабыл алуу.

4.4.4. Кыргыз Республикасынын аймагында "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн зарыл болгон сапат жана стандарттар боюнча талаптарга жооп берген товарларды (товардык-материалдык баалуулуктарды), ошондой эле жумуштарды жана кызматтарды, анын ичинде консультациялык кызматтарды Кыргыз Республикасында өндүрүлбөгөн, аткарылбаган же көрсөтүлбөгөн товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууларды кошпогондогу сатып алуу.

**4.4.5 Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттенмелер.**

4.5 Сынактын Жеңүүчүсү Лицензиялык аянттарда геологиялык чалгындоо иштерин иштеп чыгуу жана жүргүзүү боюнча долбоорду ишке ашырууга жана Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга байланыштуу келип чыккан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды, жыйымдарды, чегерүүлөрдү, камсыздандыруу жана башка милдеттүү төлөмдөрдү толук көлөмдө жана өз убагында төлөөгө милдеттүү.

4.6.Сынактын Жеңүүчүсүнө "Кыргызалтын" ААКдан биргелешкен иш жөнүндө макулдашуунун долбоорун алган учурдан тартып биргелешкен иш жөнүндө макулдашууну түзүүгө 10 (он) календардык күн берилет

4.7.Жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттө биргелешкен иш жөнүндө макулдашууну түзүү мүмкүн болбогон учурда, "Кыргызалтын" ААК өзүнө төмөнкү укукту калтырат:

4.7.1. Сынактын жеңүүчүсү менен сүйлөшүүлөрдү улантуу жана ушул Шарттардын жана Сынактын Жеңүүчүсүнүн сынактык табыштамасынын негизинде биргелешкен иш жөнүндө макулдашууну түзүү.

4.7.2. Сынактын Жеңүүчүсү менен биргелешкен иштөө жөнүндө макулдашууну түзүү процессин токтотуунун өзү - Сынактын Жеңүүчүсү биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу укугун жоготту деп эсептелет.

4.8.Сынактын Жеңүүчүсү биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу укугун жоготту деп таанылган учурда, "Кыргызалтын" ААК Сынактык комиссиянын

протоколунун негизинде алган баллдардын санынын көптүгү боюнча Сынактын Жеңүүчүсүнөн кийинки талапкер менен биргелешип иштөө жөнүндө макулдашуу түзүүгө укуктуу.

Мында алган баллдын санынын көптүгү боюнча Сынактын Жеңүүчүсүнөн кийинки талапкер мурда берилген табыштаманын шарттарын өзгөртүүгө укугу жок жана "Кыргызалтын" ААКдан биргелешип иштөө жөнүндө макулдашуунун долбоорун алгандан кийин 10 (он) календардык күндүн ичинде берилген табыштаманын шарттары боюнча биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга кол коёт.

4.9. Табыштаманын шарттары өзгөргөн же биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга кол коюудан баш тарткан учурда, МК кайтарылбайт.

4.10.Лицензиялык аянттарда биргелешип иштөөнүн рентабелдүүлүгү үчүн жетиштүү болгон пайдалуу кендердин запастары тастыкталбаган учурда, "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын катышуучулары бири-бирине дооматтары болбойт жана алар кошкон салымдардын чегинде тобокелдиктерди көтөрүшөт.

4.11. Сынактын Жеңүүчүсү сынактык табыштама боюнча алган милдеттенмелерин жана/же Сынакты өткөрүү шарттарынын ушул бөлүмүндө жана/же биргелешкен иш жөнүндө макулдашууда белгиленген милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда, сынактын жеңүүчүсүнө кетирген кемчиликтерди четтетүү үчүн 6 айдан кем эмес мөөнөт берилет.

4.12. Эгерде "Кыргызалтын" ААК милдеттенмелерди аткаруу жөнүндө билдирүү жөнөткөн учурдан тартып 6 ай өткөндөн кийин Сынактын Жеңүүчүсү өз милдеттенмелерин аткарбаса же талаптагыдай эмес аткарса, анда "Кыргызалтын" ААК Сынактын Жеңүүчүсүн дарегине жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүү аркылуу биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууну бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу, андан кийин биргелешкен ишмердүүлүккө деп киргизилген каражаттарды (акчалай жана материалдык) кайтарып бербестен "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын катышуучуларынын курамынан чыгарылат.

## 5. Сынактык табыштамага коюлуучу талаптар

5.1. Сынактык табыштама ушул Шарттардын 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөн бардык тиркелген документтер менен мамлекеттик же расмий тилде, кагаз жана электрондук түрдө (USB флеш-сактагычтардагы сканерленген версиялар) 2 (эки) нускада берилет жана төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

5.1.1. Карыз албастан, өз каражаттарынан биргелешкен ишмердүүлүктү каржылоо суммасы (жылдар боюнча бөлүштүрүп көрсөтүү менен);

5.1.2. "Шибер-Тоо" ЖЧКсындагы катышуу үлүшүнүн өлчөмү жөнүндө сунуш;

5.1.3 Лицензиялык аянттарда каржылоо программасы жана жылдык иштердин көлөмү;

5.1.4. Өнөр жайлык, экологиялык коопсуздукту, жер казынасын коргоону жана пайдалуу кендерди сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын комплекси;

5.1.5. Социалдык пакет программасы боюнча сунуш;

5.1.6. Калкка берилүүчү жумуш орундарынын саны жөнүндө сунуш;

5.1.7. Лицензиялык аянттарда геологиялык чалгындоо иштерин иштеп чыгуу жана жүргүзүү боюнча чыгашалардын сметасы.

5.1.8. Кенди иштетүүнү баштоо жана кен чыккан жерде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү мөөнөттөрү.

5.1.9. Катышуучунун (жана/же анын уюштуруучуларынын/башкы компаниясынын) тоо-кен өнөр жайы чөйрөсүндөгү иш тажрыйбасы жөнүндө документтер;

5.1.10. Салыктык милдеттенмелер жана милдеттүү камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызы жок экендигин тастыктаган Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген документ. Карызы жок экендигин тастыктаган документти берүү жөнүндө көрсөтүлгөн талап чет өлкөлүк юридикалык жактарга жайылтылбайт;

5.1.11. Техникалык мүмкүнчүлүктөр, зарыл болгон жабдуулардын, квалификациялуу кадрлардын, лицензиялардын болушу (эгерде ишмердүүлүк лицензияланса);

5.1.12. Лицензиялык аянттарда геологиялык чалгындоо иштерин иштеп чыгуу жана жүргүзүү программасы боюнча алдын ала сунуштарды камтыган документтер:

- капиталдык салымдарга, эксплуатациялык чыгымдарга жана долбоордун рентабелдүүлүгүнө карата техникалык-экономикалык эсептөөлөр;
- жумуштарды баштоо жана пайдалуу кен чыккан жерлерди ишке киргизүү мөөнөттөрү;
- кенди иштетүүдө жана геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүдө заманбап технологияларды колдонуу;
- бузулган жерлерди рекультивациялоо боюнча иш-чаралар.

5.1.13. КМ жана сынакка катышуу үчүн жыйымдын төлөнгөндүгүн тастыктаган документ;

5.1.14. Сынактын катышуучусунун квалификациясынын деңгээли жана башка мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө күбөлөндүргөн ар кандай кошумча маалымат жана документтер.

5.1.15. Конкурс сунуштамасы ОАО «Кыргызалтын» ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган кошумча сунуштарды камтышы мүмкүн. Мындай сунуштар катышуучунун демилгелерин камтып, алар милдеттүү шарттардын чегинен чыгып кетиши мүмкүн жана ОАО «Кыргызалтын» өндүрүштүк кубаттуулуктарын кеңейтүүгө, инфраструктураны өнүктүрүүгө, ошондой эле жаңы иш багыттарын өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт (мисалы, металлургиялык заводду, лабораторияларды жана башка объектилерди куруу).

5.2. Карыз албастан, өз каражаттарынын эсебинен биргелешкен ишмердүүлүктү (долбоорду) каржылоо үчүн сынактын Катышуучусунун өз

каражаттарынын болушун тастыктаган документтер катары төмөнкүлөр кабыл алынат:

- Катышуучуга жана/же анын бенефициарына тейлөө көрсөткөн кредиттик уюм тарабынан берилген, учурдагы финансылык жыл үчүн акча каражаттарынын жетиштүү калдыгынын бар экендигин тастыктаган банктык көчүрмөлөрдүн күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;
- учурдагы финансылык жыл үчүн Катышуучунун төлөөгө жөндөмдүүлүгүн тастыктаган, колдонулуучу Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык түзүлгөн финансылык отчеттуулук.

Болгон учурда акыркы үч жыл үчүн маалыматтарды берүү сунушталат. 3 жыл үчүн маалымат жок болгон учурда - себептерин көрсөтүү керек. Баалоого катышуу көрсөтүлгөн мөөнөттү берүү менен чектелбейт.

Чет өлкөлүк юридикалык жактар тарабынан берилген жана чет тилде түзүлгөн бардык документтер менен кошо, бирок алар менен чектелбестен: маалымкаттар, лицензиялар, сертификаттар, финансылык отчеттуулук, бухгалтердик документтер, көчүрмөлөр, иш программалары, техникалык-экономикалык эсептөөлөр жана башка тиркемелер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилине нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормосу менен коштолууга тийиш.

Зарыл болгон учурда, мындай документтер Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык мыйзамдаштырылууга же апостилдештирүүгө тийиш.

**Эскертүү:** Документтерди легалдаштыруу талап кылынбайт:

- 1961-жылдын 5-октябрындагы Чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгарган "Гаага конвенциясына" (Гаага конвенциясы) кол койгон өлкөлөрдүн катышуучулары үчүн, Кыргыз Республикасынын кошулуусуна каршылык көрсөткөн өлкөлөрдү кошпогондо;
- 2002-жылдын 7-октябрындагы Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө Кишинев конвенциясына кол койгон өлкөлөрдүн катышуучулары үчүн.
- Документтер тигилип, бөлгүчтөр менен бөлүнгөн жана номерленген болууга тийиш. Документтер мамлекеттик же расмий тилдерде берилет. Документтер чет тилдерде берилген учурда аларга мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн котормолор тиркелиши керек.

Талапкер конверттер ачылганга чейин арызын жазуу жүзүндө кайтарып ала алат. Конверттер ачылгандан кийин арызды кайтарып алууга жол берилбейт.

## 6. МККни жана катышуу үчүн жыйымды төлөөнүн тартиби, мөөнөттөрү жана өлчөмдөрү

6.1. Сынактын катышуучулары Сынактын шарттарынын аткарылышын камсыз кылуу максатында **10 000 000 (он миллион) сом** өлчөмүндө **МКК**ни төлөшөт.

6.2. Сынактын катышуучулары Сынакка катышуу үчүн **100 000 (жүз миң) сом** өлчөмүндө жыйым төлөшөт, ал кайтарылбаган төлөм болуп саналат жана Сынактын жыйынтыктарына көз каранды эмес.

6.3. Сынакка катышуу үчүн жыйым "Кыргызалтын" ААКнын Сынакты өткөрүүгө кеткен бардык чыгымдарын жабууга багытталган жана Катышуучу тарабынан милдеттүү түрдө төлөнүүгө тийиш. Жыйымды төлөө, ошондой эле **МКК**ни өткөрүү үчүн төлөм Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында гана - кыргыз сомунда - сынактык документтерде көрсөтүлгөн "Кыргызалтын" ААКнын эсептешүү эсебине накталай эмес түрдө которуу жолу менен жүргүзүлөт.

6.4. **Сынактын жеңүүчүсү менен макулдашууга кол коюлгандан кийин** МККнын суммасы Катышуучунун жазуу жүзүндөгү талабы боюнча 10 (он) жумушчу күндүн ичинде Сынактын Катышуучусунун эсебине төлөм жүргүзүлгөн валютада жана өлчөмдө кайтарылат, эгерде:

6.4.1. Катышуучу Сынактын жеңүүчүсү деп таанылбаса;

6.4.2. Катышуучу сынактык комиссия тарабынан конверттер ачылганга чейин өзүнүн сынактык табыштамасын кайра чакыртып алса.

6.4.3. Сынак өтпөй калды деп таанылса.

6.5. **МКК кайтарылбайт, эгерде:**

6.5.1. Катышуучу сынактык комиссия тарабынан табыштама ачылгандан, каралгандан кийин, сынактык комиссия Сынактын жеңүүчүсүн аныктоо жөнүндө чечим кабыл алганга чейин өзүнүн сынактык табыштамасын кайра чакыртып алса.

6.5.2. Сынактын жеңүүчүсү деп таанылган Катышуучу сынактын жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартса, биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга кол коюудан баш тартса жана биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу укугун жоготсо.

6.6. Сынактын Жеңүүчүсү МКК биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга кол коюлгандан кийин "Кыргызалтын" ААК тарабынан "Шибер-Тоо" ЖЧКнын эсептешүү бетине которулат, ал "Шибер-Тоо" ЖЧКсынын уставдык капиталын Катышуучулар тарабынан түзүүдө Сынактын Жеңүүчүсүнүн Уставдык капиталга кошкон салымы катары эсепке алынат.

6.7. ММК жана Сынакка катышуу үчүн жыйым Сынактын катышуучулары тарабынан акча каражаттарын "Кыргызалтын" ААКнын эсептешүү эсебине **улуттук валютада (сом) төмөнкү реквизиттер боюнча которуу жолу менен төлөнөт:**

**«Кыргызалтын» ААК**
**ИНН: 02403199310039**
**Сомду которуу үчүн**
**Банк: ОАО «Айыл Банк»**
**Э\б. №1350100026209430**

**БИК: 135001**

## 7. Сынактык комиссия

7.1. Сынактык комиссиянын курамы "Кыргызалтын" ААКнын буйругу менен аныкталат. Добуш берүү укугуна ээ болбогон сынактык комиссиянын катчысы сынактык комиссия тарабынан шайланат.

7.2. Сынактык комиссиянын функцияларына сынактык табыштамаларды кароо, аларды баалоо жана Сынактын жеңүүчүсүн жана андан кийинки Катышуучуну тандоо иштери кирет. Сынактык комиссиянын катчысы сынактык комиссиянын жыйынына даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча ишти жүзөгө ашырат, сынактык комиссиянын жыйынынын протоколун жүргүзөт жана добуш берүүдө сынактык комиссиянын мүчөлөрүнүн добуштарын эсептейт.

7.3. Документтер менен конверттерди ачуу документтерди кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийинки кийинки жумушчу күнү сынактык комиссия тарабынан жүргүзүлөт жана анда Сынактын Катышуучуларынын аталыштары жана даректери, алар тарабынан берилген документтер көрсөтүлгөн протокол менен таризделет.

Сынактын катышуучулары конверттерди ачууга катышууга милдеттүү.

7.4. Сынактын катышуучулары өз программасын сунушташат жана программасын түшүндүрүү учурунда Сынактык комиссиянын мүчөлөрүнүн келип чыккан суроолоруна түшүндүрмө беришет (ар бир сынакkка катышуучуга программаны тартуулоого жана коргоого 1 (бир) саатка чейин убакыт берилет).

7.5. Сынак эки этапта өткөрүлөт. Биринчи этапта документтерди тандоо жүргүзүлөт. Экинчи этапта программалар, сунуштар, уюмдун экономикалык жана финансылык мүмкүнчүлүктөрү жана сынактык комиссия тарабынан аныкталган башка шарттар каралат.

7.6. Катышуучунун ушул Шарттардын талаптарына жооп бербеши, ошондой эле суралган документтердин толук эмес тизмесин берүү берилген табыштаманы четке кагуу үчүн негиз болуп саналат.

7.7. Сынактык комиссия табыштамаларды кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийинки кийинки жумушчу күндөн кечиктирбестен Сынактын катышуучуларынын сунуштарын карайт, табыштамаларды ачуу, кароо жана баалоо протоколун тариздейт жана Сынактын жеңүүчүсү жана эң көп упай топтогон кийинки Катышуучу жөнүндө чечим чыгарат.

7.8. Сынактык комиссиянын чечими биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу үчүн Сынактын жеңүүчүсү менен биргелешкен иш жөнүндө макулдашууга кол коюу үчүн негиз болуп саналат.

## 8. Сынактын жеңүүчүсүн аныктоо

8.1. Сынактын жеңүүчүсү төмөнкү критерийлер боюнча берилген документтерди жана маалыматты карап чыгуунун жана баалоонун жыйынтыктары боюнча 5 (беш) баллдык системада, долбоорду ишке ашыруу үчүн критерийдин маанилүүлүгүн эске алуу менен аныкталат:

| № | Критерийдин аталышы | Баллдар | Критерийдин маанилүүлүгү |
|---|---|---|---|
| 1. | Лицензиялык аянттарда геологиялык чалгындоо иштерин иштеп чыгуу жана жүргүзүү үчүн үчүнчү тараптардан же банктардан карыз албастан, өз каражаттарынын эсебинен инвестициялоонун салымынын (долбоорду каржылоонун) өлчөмү. | Ар бир 1 млрд. сом үчүн 1 баллга көбөйөт. | 40% |
| 2. | "Шибер-Тоо" ЖЧКсындагы катышуу үлүшүн бөлүштүрүү ("Кыргызалтын" ААКнын үлүшү 30% кем эмес болушу мүмкүн). | "Шибер-Тоо" ЖЧКсындагы ар бир 5% үлүш үчүн кошумча 1 баллга көбөйөт. | 25% |
| 3. | Тоо-кен тармагында иш тажрыйбасы. | 3 жылдан (3, 5, 7, 10, 12+) ашык иш тажрыйбасынын болушу үчүн 1 баллдан кошулат. | 19% |
| 4. | Жергиликтүү калк үчүн түзүлгөн жумуш орундарынын саны. | Ар бир 20 адам үчүн 1 баллдан | 1% |
| 5. | Биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга кол коюлган учурдан тартып Лицензиялык участоктордо геологиялык чалгындоо иштерин баштоо мөөнөттөрү. | 6 айга чейин – 5 балл, ар бир кийинки ай үчүн баа 1 баллга азаят. | 4% |
| 6. | Биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга кол коюлган учурдан тартып Лицензиялык участокто иштеп чыгууну баштоо мөөнөттөрү. | 24 айга чейин – 5 балл, ар бир кийинки ай үчүн баа 1 баллга азаят. | 5% |
| 7. | Иштеп чыгуу аяктаганга чейин жергиликтүү регион үчүн социалдык пакеттин шарттары (жылына млн. сом). | 1 млн. сомго чейин - 1 балл, ар бир 1 млн. сом үчүн баалоо баллынын көбөйүшү 1 баллга. | 1% |
| 8. | Кошумча сунуштар, ОАО | Сунуштардын | 5% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | «Кыргызалтын» ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган (конкурстун милдеттүү шарттарынан тышкары катышуучунун демилгелерин камтыйт жана алар өндүрүштүк кубаттуулуктардын кеңейишине, инфраструктуранын өнүгүшүнө же ОАО «Кыргызалтын» ишмердүүлүгүнүн жаңы багыттарын өздөштүрүүгө өбөлгө түзүшү мүмкүн (мисалы, металлургиялык заводду, лабораторияларды жана башка объектилерди куруу)). | маанилүүлүгүнө, экономикалык максатка ылайыктуулугуна жана ишке ашырылуусуна жараша баа 1 (бир) баллга жогорулатылат. | |

8.2. Сынактык комиссиянын ар бир мүчөсү ар бир критерий боюнча упайларды жана Сынактын ар бир Катышуучусу үчүн упайлардын жалпы суммасын көрсөтүү менен упайларды эсептөө боюнча жеке протокол түзөт. Көрсөтүлгөн упайлардын негизинде сынактык комиссия Сынактын жеңүүчүсү жөнүндө чечим кабыл алат.

8.3. Эң көп упай топтогон Катышуучу Сынактын жеңүүчүсү деп таанылат. Эки же андан көп Катышуучунун упайлары бирдей болгон учурда сынактык комиссиянын төрагасы ачык добуш берүү жол-жобосун дайындайт. Добуш берүү ар бир Катышуучу боюнча өзүнчө өткөрүлөт жана протоколдо чагылдырылат. Мында комиссиянын ар бир мүчөсү өз добушун бир гана Катышуучуга берүүгө укуктуу.

8.4. Эң көп добуш топтогон Катышуучу жеңүүчү деп таанылат. Сынактык комиссиянын мүчөлөрү добуш берүүгө катышуудан баш тартууга укуксуз.

8.5. Сынактык комиссиянын Сынактын жеңүүчүсү жана Жеңүүчүдөн кийинки Катышуучу жөнүндө чечими сынактык комиссиянын жыйынында жарыяланат жана сынактык комиссиянын бардык мүчөлөрү, Сынактын жеңүүчүсү жана Сынактын жеңүүчүсүнөн кийинки деп таанылган Катышуучу тарабынан кол коюлган протокол менен таризделет.

8.6. Талаштар жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык чечилет.

## 9. Купуялуулукту сактоо жана коррупциялык аракеттерден (арам аракеттерден) качуу

9.1. Сынактык комиссиянын мүчөлөрү, ошондой эле табыштамаларды кароого, баалоого жана салыштырууга тиешелүү маалымат жеткиликтүү болуп калган кызмат адамдары Сынакты өткөрүү мезгилинде көрсөтүлгөн

маалыматты Катышуучуларга же табыштамаларды кароого расмий катышпаган башка адамдарга жайылтышпайт.

9.2. Сынактын катышуучулары ушул Шарттардын №1 формасы боюнча коррупциялык аракеттерден карманууу жана купуя маалыматты жайылтпоо жөнүндө милдеттенме беришет.

## 10. **Сынакты өтпөй калды деп таануу**

10.1. Сынакка катышуу үчүн табыштамалар жок болгон учурда, же эгерде Жеңүүчү же андан кийинки эң көп упай топтогон Катышуучу биргелешип иштөө жөнүндө макулдашууга кол коюудан баш тартса, же сынактык табыштамалар белгиленген талаптарга жооп бербеген учурда, сынактык комиссиянын протокол менен таризделген чечиминин негизинде Сынак өткөрүлбөй калды деп таанылат.

Маалымат үчүн телефондор: (+996 312 66 67 00, +996 312 66 66 70).

№ 1 форма алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш "Мироновское" кенин иштеп чыгуу жана геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк үчүн сынакты өткөрүү шарттарына карата.

**МИЛДЕТТЕНМЕ**

1. Сынактын катышуучусу Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы мыйзамдарынын төмөнкү талаптарын сактоого жана камсыз кылууга милдеттенет:

1.1. Сынакка катышууда Катышуучу жана анын байланыштуу жактары, кызматкерлери же ортомчулары мыйзамсыз материалдык, ар кандай башка жыргалчылыктарга жана артыкчылыктарга ээ болуу максатында сынактык комиссиянын мүчөлөрүнө, Башкарманын мүчөлөрүнө, Директорлор кеңешине, "Кыргызалтын" ААКнын кызмат адамдарына алардын аракеттерине же чечимдерине таасир этүү үчүн кандайдыр бир акча каражаттарын же баалуулуктарды түз же кыйыр түрдө берүүгө аракеттенбейт, төлөөнү сунушташпайт жана төлөөгө уруксат беришпейт.

1.2.Эгерде Катышуучуда ушул милдеттенменин кандайдыр бир жоболору бузулду же бузулушу мүмкүн деген шектенүү пайда болсо, Катышуучу бул тууралуу Сынактын уюштуруучусуна жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттенет.

1.3. Катышуучу жана анын байланыштуу жактары, кызматкерлери же ортомчулары Кыргыз Республикасынын колдонулуучу мыйзамдары тарабынан пара берүү/алуу, коммерциялык паракорлук, ошондой эле материалдык, ар кандай башка жыргалчылыктарга жана артыкчылыктарга мыйзамсыз ээ болуу максатында бул адамдардын аракеттери же чечимдери катары квалификацияланган аракеттерди жүзөгө ашырышпайт.

1.4. Жазуу жүзүндөгү билдирүүдө Катышуучу фактыларга шилтеме кылууга же башка катышуучулар, алардын байланыштуу жактары, кызматкерлери же ортомчулары тарабынан ушул милдеттенменин кандайдыр бир жоболору бузулган же бузулушу мүмкүн экендигин ишенимдүү тастыктаган же болжолдоого негиз берген материалдарды берүүгө милдеттүү, бул колдонулуучу мыйзамдар тарабынан пара берүү же алуу, коммерциялык паракорлук, ошондой эле кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү жөнүндө колдонулуучу мыйзамдардын жана эл аралык актылардын талаптарын бузган аракеттерде көрүнөт.

1.5. Сынакты өткөрүү процессинде Катышуучу тарабынан алынган маалымат купуя болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коргоо режими менен камсыздалат. Алынган маалымат Катышуучу тарабынан сынактык табыштаманы берүү максатында гана пайдаланылышы мүмкүн. Алынган маалыматты башка максаттарда пайдалануу же аны үчүнчү тарапка берүү маалыматты берген Сынактын уюштуруучусунун жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана мүмкүн.

Кол тамагасы_______________________________________________

Аты-жөну. ______________________________________________

Кызматы __________________________________________

Айы, күнү _______________________________________________

М.О.

№ 2 форма алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш "Мироновское" кенин иштеп чыгуу жана геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк үчүн сынакты өткөрүү шарттарына карата.

**Компаниянын менчик ээлери жөнүндө маалымкат**

1.Компаниянын толук аталышы.
2.Компаниянын юридикалык дареги (келип чыккан өлкөсү).
3.Мамлекеттик каттоо күнү жана орду.
4.Компаниянын менчик формасы (жеке же мамлекеттик).
5.Компаниянын менчик ээлери жөнүндө маалымат (акционерлер/компаниянын катышуучулары).
6.Компаниянын акцияларынын/катышуу үлүштөрүнүн 10% жана андан ашыгына ээ болгон башка компанияларды санап өтүңүз.

5 пункту боюнча:

| № | Юр.жактын аталышы/ менчик ээсинин аты-жөнү | Катышуу үчүн | Юридикалык дареги / каттоо дареги | Тастыктоочу документтери тууралуу маалымат |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

6 пункту боюнча:

| № | юр.жактын аталышы / менчик ээсинин аты-жөнү | Катышуу үчүн | Юридикалык дареги / каттоо дареги | Тастыктоочу документтери тууралуу маалымат |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

Компания маалымкатта көрсөтүлгөн маалыматтардын жана маалыматтын так, толук жана ишенимдүү экендигине кепилдик берет.

Кол тамагасы_____________________________________________
Аты-жөнү. _______________________________________________
Кызматы __________________________________________
Айы, күнү ______________________________________________

М.О.

№ 3 форма алтын, жез, висмут, коргошун жана күмүш "Мироновское" кенин иштеп чыгуу жана геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү боюнча биргелешкен ишмердүүлүк үчүн сынакты өткөрүү шарттарына карата.

**Сынакка катышуу үчүн арыз**

Мен, ____________________________________________________________________

Аты-жөнү

______________________________________________________________________________

(өздүгүн тастыктоочу документ, серия, номер, берилген күнү)

__________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

______________________________________________________________________________

________________________________________________________ _________атынан чыгып,

(Толук аталышы, каттоо номери, айы-күнү жана каттаган орган, жареги, юр.жактын банктык реквизиттери)

____________________________________ негизинде (ишеним кат, Уставдын)

Мен Бишкек шаары, Абдымомунов көчөсү, 195 дареги боюнча 2025-жылдын «_____» ______________ өткөрүлө турган Лицензиялык аянттарда биргелешкен ишмердүүлүк боюнча сынакка катышууга ниетимди билдирем.

1. Сынакка катышууга ниет кылып, Сынактык табыштаманын кепилдик милдеттенмеси жана сынакка катышуу үчүн мен тараптан ________________________________________________________________________ (_____________________________________________________) сом өлчөмүндө жыйым төлөндү.
2. Ушул арызга кол коюу менен Катышуучу Лицензиялык аянттарда биргелешкен ишмердүүлүккө катышуу боюнча сынакты өткөрүү шарттарында жана сынактын жеңүүчүсүн аныктоо критерийлеринде баяндалган бардык шарттарды түшүнөт, макул болот жана кабыл алат жана алардын аткарылышына кепилдик берет.

Лицензиялык аянттар боюнча кыскача геологиялык жана башка маалыматтардын пакети ______________________________________________мен тарабынан алынды.

Арыз ээсинин (ыйгарым укуктуу жактын) колу ____________________

Дата______________